Математика жана информациялык технологиялар факультетинин
ИТАС кафедрасынын кеңешинин кезектеги жыйынынын

**№2 ПРОТОКОЛУ**

*21-октябрь, 2019-жыл.*

| | |
|---|---|
| *Төрага:* | М.К. Чамашев |
| *Катчы:* | Н. Абдыжапарова |
| *Катышкандар:* | ИТАС кафедрасынын мүчөлөрү. |

*Күн тартиби:*

1. Бакалавр багыты боюнча бүтүрүүчү квалификациялык иштердин темаларын жана жетекчилерин, магистрдик диссертациялардын темаларын жана жетекчилерин бекитүү.
2. Студенттердин билимдерин диагностикалоо (тест, текшерүү иш) мониторигдин жыйынтыгын талкуулоо жана бекитүү.
3. ИЭТ, ИЗБИ багыттары бакалавр, магистрдик программасы боюнча аккредитацияга даярдык көрүү, иш пландарды бекитүү.
4. Ар түрдүү маселелер.

**4. Ар түрдүү маселелер**

1) ИЗБИ багыттары жана ИЭТ бакалавр, магистрдик программасы боюнча "Негизги билим берүү программаларын" жана тиешелүү багыттар боюнча "Информациялык пакеттин" мазмунун талкуулоо жана бекитүү.

*Чамашев М.К. (ИТАС кафедрасынын башчысы, доцент):* 2019-2020-окуу жылы үчүн НББПга бир нече өзгөртүүлөр киргизилди б.а. 2019-жыл региондорду өнүктүрүү жана өлкөнү санариптештирүү жылына катара ИЭТ, ИЗБИ багыттары ресурстарды рационалдуу колдонуу боюнча окутуунун натыйжаларына толуктоолор киргизилип, компетенциялар менен толукталды. Ал эми ИЗБИ багытынын магистратура бөлүмү боюнча 2-3-максаттарга толуктоолор жасалды жана ОН-12: Мамлекеттин өнүгүшүнө салым кошуу ишмердүүлүгү боюнча окутуунун натыйжаларына толуктоолор жасалып, компетенциялар менен толукталды. «Саламаттыкты сактоодогу информатика жана биомедициналык инженерия» багыты "Саламаттыкты сактоодогу информатика" профили бакалавр боюнча да НББИнын мазмунуна тактап айтканда, ОН-12 окутуунун натыйжарына толуктоолор жана өзгөртүүлөр киргизилди.

*Р. Атырова (ИТАС кафедрасынын улук окутуучусу):* НББИнын мазмунуна киргизилген өзгөртүүлөр боюнча башкача айтканда 2019-жыл региондорду өнүктүрүү жана өлкөнү санариптештируу жылына катара ИЗБИ багыттары жана ИЭТ багытынын магистратура бөлүмү боюнча 2-3-максаттарга толуктоолор жасалды жана ОН- 12: мамлекеттин өнүгүшүнө салым кошуу ишмердүүлүгү боюнча окутуунун натыйжаларына толуктоолор жасалып, компетенциялар менен толукталды. ИЭТ жана ИЗБИ багыттары боюнча ар бир кураторлор студенттерге НББПнын мазмуна өзгөртүү киргизилгендиги боюнча жалпы маалыматты берүүбүз зарыл.

*А. Саданов (ИТАС кафедрасынын улук окутуучусу):* Тиешелүү багыттар боюнча НББПсын жана информациялык пакетти даярдап профориентациялык иш-чараларды абитуриенттерге, студенттерге, ата-энелерге, иш берүүчүлөргө таркатышыбыз керек.

*Н.С.Беделова (ИТАС кафедрасынын улук доценти):* Биздин кафедрага тиешелүү болгон программалар боюнча НББПнын мазмунуна өзгөртүү киргизилгендиги боюнча жалпы маалыматты берүүбүз зарыл. Иш берүүчүлөр менен таккууларды жүргүзүшүбүз керек деп ойлойм.

Кеңешме маселени угуп жана талкуулап

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. ИЭТ жана ИЗБИ багыттары боюнча негизги билим берүү программаларынын жана информациялык пакеттиердин мазмунуна киргизилген өзгөртүүлөр туура жана так талапка ылайык даярдалсын жана аны даярдоо жагы жооптууларга жүктөлсүн.
2. НББПга киргизилген өзгөртүүлөрдү бекитип берүү жагы факультеттин Окумуштуулар Кеңешинен суралсын.
3. ИЭТ жана ИЗБИ багыттары боюнча кураторлор НББПнын өзгөрүүлөрү боюнча кураторлор куратордук сабактарды өтүшсүн жана аны көзөмөлдөө жагы кафедра башчысы М. Чамашевге жүктөлсүн.

Кеңешменин төрагасы: Чамашев М.

Катчы: Абдыжапарова Н.